Берегите и любите детей. Дети наше будущее, наша опора, наша надежда.Учитесь направлять детей к знанию, к полезным вещам. Старайтесь воспитывать их к хорошим поступкам. С каждым днем, не переставайтесь быть хорошим родителем, продвигайте детей, поучайте стать известной личностью, ожидайте обратной связи труда у ребенка.

Как говорят: “Что посеешь то и пожмешь”, как вы воспитаете своего ребенка, таким будет его будущее. Родитель – отражение своего ребенка, исходя, на ваших поступках, вы придаете пример к новому поколению.

К завершению, хотелось отметить что, каждый раздел важен ребенку. Ребенок развивается физически и морально. Эстетически-художественное и речевое восприятие достигнут на высоком уровне. Знакомство с окружающим миром, дает возможность, ощутить вкус мира. Ребенок достигает все вышеперечисленные пункты и старается не отходить от целей. Вкусовые, зрительные, тактильные, слуховые и эмоциональные восприятия развит до пика. Ребенок подготовленный личность во всех аспектах жизни. Изучив, все разделы, мы ознакомились с языковой картиной мира в системе образования.

Список использованной литературы:

1. Языковая картина мира-М.В. Пименова. Москва Издательство «Флинта» 2014.С.46,69.
2.Развитие языковой личности дошкольника: теория, опыт.Программа и технология «Веселый день дошкольника»(«ВЕДЕДО):практико-ориентированная монография. С.С. Коренблит, А.Г. Арушанова, Е.С.Рычагова.науч.ред.Е.А.Ямбург.-Краснодар:Издательский дом «Хорс», 2015.С.111,112.
3.Формирование у младших школьников представления о языковой картине мира (на материале фитонимов) НИУ «БелГУ» Научный.руководитель к.ф.н.доцент Еременко О.И. Белгород-2018.С.21.

Рецензент: к.ф.н., доцент Койбагарова К.Т.

УДК 81
DOI 10.33514/1694-7851-2021-2-72-79

Сейпидин Ысак уулу, Yuxian Ma, Мария Майтоко
КЭР Түндүк батыш педагокика университети эл аралык маданият алмаштыруу иниститутунун лектору,
Филология илимдеринин кандидаты, чет тилдер институтунун Араб филологиясы кафедрасынын ага окутуучусу. Кытай Эл Республикасы, Түндүк-Батыш нормалдуу университет, Ланьчжоу,
КЭР Түндүк батыш педагокика университети эл аралык маданият алмаштыруу иниститутунун мугалими
Сейпидин Ысак уулу, Yuxian Ma, Мария Майтоко
Лектор Института международного культурного обмена Северо-Западного педагогического университета, КНР,
Кандидат филологических наук, старший преподаватель кафедры арабской филологии Инсти тута иностранных языков. Северо-Западный нормальный университет, Ланьчжоу, КНР Преподаватель Международного института культуры Северо-западного педагогического университета, КНР
Seypidin Ysak uulu, Yuxian Ma, Marya Maytoko
Lecturer at the Institute of International Cultural Exchange of Northwestern Pedagogical University, People’s Republic of China caifuding1986621@qq.com
Candidate of Philology, Senior lecturer of Arabic Philology Department of the Institute of Foreign Languages. Northwest Normal University, Lanzhou, People’s Republic of China. E-mail：alao198003@gmail.com

Lecturer at the International Institute of Culture of the Northwestern Pedagogical University,
People's Republic of China 466032848@qq.com

КЫТАЙ КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ТҮШТҮК ДИАЛЕКТИНДЕГИ Ә ФОНЕМАСЫ ЖӨНҮНДӨ
ФОНЕМА Ә В КЫРГЫЗСКО – КИТАЙСКОМ ДИАЛЕКТЕ
STUDY ON PHONETIC Ә OF SOUTHERN KYRGYZ DIALECT IN CHINA

Аннотация: Кытай кыргыз тилинин адабий тилинде жок ә тыбышынын түштүк диалекте фонема катары колдонулушу кытай кыргыз тилинин түштүк диалектиндеги маңыздуу өзгөчөлүк саналат. Ә тыбышыны кытай кыргыздарынын түштүк диалектинде фонема мүнөздөмөсүнө ээ.Эл оозунан жыйган биринчи кол тил материялдарынан малым болушунча аталган диалектеги ә тыбышы бар киринди сөздөрдүн саны ә тыбышы бар төл сөздөрдөн кыйла эле көп.
Кытайдагы кыргыз тилинин түштүк диалектиндеги ә фонемасынын сакталуу себебин сырткы фактор тилдердин таасирлешүүсү, гиографиялык чөйрөдөн издештирүүгө болот. Ал эми андагы ички себеп мүмкүн байыркы тилдеги тегинде бар болгон ә фонемасинин сакталып калгандыгы болсо керек. Мындан башка маңыздуу себеп кытай кыргыз тилинин түштүк диалектинин адабий тил сыяктуу тил нормасынын жок болушу.

Аннотация: В статье рассматривается вопросы употребления кыргызами Китая звука ә, которого нет в литературном языке кыргызов, живущих в Китае. В нем говорится, что употребление звука ә в южном диалекте является значимой особенностью южного диалекта, так как звук ә в южном диалекте характеризуется как фонема. В материалах, собранных в ходе исследования выяснено, что звук ә встречается больше в вводных словах этого диалекта, нежели в коренных словах.

Далее в статье рассматриваются причины сохранения этого звука в исследуемом языке, а также влияние на это внешних и внутренних факторов.

Annotation: An important feature of southern Kyrgyz dialect in china is that phonetic ә is widely used in this dialect and has phonemic features. The reason for retaining the phoneme ә in the southern dialect of Kyrgyz in China can be traced back to the influence of external factors and geographical environment. The internal reason may be the preservation of phonemes that existed in ancient languages. Another important reason is the lack of language norms in Kyrgyz and southern Chinese languages (such as literary language).

Негизги сөздөр: тыбыш, фонема,вариянт, кытай, кыргыз тили, түштүк диалект.

Ключевые слова: звук, фонема, вариант, кыргызский язык, кыргызы Китая, южный диалект.

Keywords: sounds, phonemes, variants, Chinese, Kyrgyz language, southern dialects

Кытайлык кыргыздарында түштүк диалектти атоо жактан түштүк диалект, тескей тоо диалект, түштүк говр, сыяктуу түрдүү терминдерди колдонулушат. Бирок, мейли кандай термин менен атаса да алардын көрсөткөн объекти негизинен Кызылсуу дарыясын чек кылган. Кызылсуу дарыянын түндүк жагын Күнгөй тоо диалект же Негиздүү диалект, Түндүк диалекит десе дарыянын түштүк жагындагы тагыраак айтканда Күнлүн кырка тоолорунун жана кытай памиринин этегинде конуштанган ичкилик кыргыздардын оозэки тилин Тескейтоо диалекти же Түштүк диалекит деген термин менен атаган[2]. Биз да мамлекет ичи сыртындагы кыргыз тилин диалектика эмгектеринде бир келки болгон термин менен түштүк диалекит деп алууну эп көрдүк.

Кытай кыргыз тили түштүк диалектинде сүйлөөчүлөрдүн гиографиялык оорду түндүк чети Улучат ооданы менен батыш жагы кыргызыстан жана тажикистан менен чыгыш жагы Кашкар аймагы менен түштүк чети тээ Хотен аймагынын Гума ооданына чейин созулган кенен чөлкөмгө тараган.Бул чөлкөм негизи Паамир бөксөсүнүн чыгыш жак бөлүгү менен

Күнлүн кырка тоолорунун түндүк батыш бөлүгүндөгү бийик ары суук килматтуу тоолуу жерден орун алган. Жер түзүлүшү негизи бийик тоолордун куушуна жайгашкан өндүрлөрдөн куралган. Абасы кургак ары суук килматка таан. Ошондуктан кишилердин чарбачылык кылып таракай конуштанып көчмөн турмушта тирчилик кылышат. гиографиялык чөйрөнүн кааталдыгы себептүү Тескей тоо өрөнүндө конуштанган кишилердин мал-чарбачылык менен машкулданышат. Аз сандагылар эле шаарларда жана шаардын айланасындагы эгинчилик раёндордо жашашат.

Кытай кыргыздарынын Түштүк диалектинде дааналанган тыбыштык өзгөчөлүктүн бири ә тыбышы теги барбы жок? Бул боюнча көптөгөн талаштар уланып келүүдө. Кытай кыргыздарынын Түштүк диалекте ә тыбышынын бар экендиги боюнча төмөндөгүдөй талкуу кылабыз.

Кытай кыргыздарынын Түштүк диалекте сүйлөөчү кыргыздарынын тил системасында а,о, у, ы, ү, ө, ә,и, э сыяктуу тогуз үндүү тыбыш жана аа, ээ, оо, үү, өө, әә ден турган жети созулма үндүү тыбыш жалпы 16 үндүү тыбыш бар болуп адабий тилдеги үндүү тыбыштардан ә жана әә ден турган эки тыбышы артык[1]. Эл оозунан жыйнаган сөздөр материялина таянсак бул эки үндүү тыбыш негизи бул жердеги элдин оозунда сакталган кириндi сөздөрдө жана аз сандагы төл сөздөрдө колдонулат.

Баяндоого оңтойлуу болуу үчүн Кытай кыргыздарынын Түштүк диалектиндеги ә тыбышын биз эл аралык тыбыштама мыйзамына ылайык ä деген ушул тамга менен билдиребиз.

Ⅰ Кытай кыргыз тилинин Түштүк диалектиндеги кириндi сөздөрдөгү ә тыбышы

1.Адабий Тилдеги кириндi сөздөр(башка тилдерден кирген сөздөр) дөгү **ә** тыбышы а тыбышы менен айтылса кытай кыргыз тилинин түштүк диалектинде **ә** тыбышы менен айтылат. М:

Table 1[3].

Southern dialect	literary language	meaning
ädäm	adam	people
äjt	ajt	says
äläl	adal	Halal
täräp	tarap	direction
ʤäkä	ʤeke	alone
märäkä	mareke	festival, ceremony, memorial
gäp	kep	word

Кыргыз тилинин түштүк диалектиндеги бул ә тыбышы анын эң маңыздуу тыбыштык эрекчелиги саналат[6].Чет тилден асиресе арап пары тилинен кирген сөздөрдө бул өзгөчөлүк дааналанып турат. Бул түрдөгү кириндi сөздөрдүн сөздүк кордо арбышына ээрчий мүмкүн булар төл сөздөрдүн тыбыштык айтылуусуна таасир көрсөткөн болушу да мүмкүн, себеби тилдин аркайсы курамдары өз алдынча система болгону менен бир бирине таасирин тийгизип тураары анык[4].

Ⅱ Кытай кыргыз тилинин Түштүк диалектиндеги төл сөздөрдөгү ә тыбышы

Кытай кыргыздарынын түштүк диалектинде ә тыбышы менен айтылуучу төл сөздөрдөн да кездешет. Биздин эр арасынан жыйган тил материялдарынан байкашыбызча ә тыбышы менен айтылуучу төл сөздөрдүн сааны чектүү болуш керек. Баардык эле сөздөр ә тыбышы менен айтылат дегендик эмес. Адабий тилде а менен же э менен айтылуучу сөздөр окшош эле ә менен айтылат. Төмөндө ә тыбышы менен айтылуучу төл сөздөрдөн мисал катары келтиребиз. М:

Table 2[3]

No	Southern dialect	literary language	meaning
1	ʤänäʃä	ʤanaʃa	together

2	ʤäʃä	ʤaʃa	live
3	ʤäʃïr	ʤaʃïr	hid
4	ʤärim	ʤarïm	Half
5	ʤänä	ʤanaʃ/ʤana	close
6	ʤärnä	koʃumʧa	added
7	säjrä	sajra	bird song/tweet
8	ʤäjlä	ʤajla	make
9	ʤäjrä	ʤadïra	elated/delighted
10	älbä-	alba-	Don’t take
11	täjne	taj ene	grandmother
12	täkä	teke	Ram/ male goat
13	tägil	tigi	that
14	ʤälä	ʤala	lick
15	ʤäʃ	ʤaʃ	Young/age/tears
16	ʤärdäm	ʤardam	Aid/help
17	ʤän	ʤan	life/body
18	äjt	ajt	tell
19	ijlä	ïjla	cry
20	äjlän	ajlan	round
21	äjdä	ajda	drive away
22	täʃtä	taʃta	throw
23	ʤäʃïl	ʤaʃïl	green
24	bäjlä	bajla	Tie up/bind
25	ʤäjlä	ʤajla	Spend/pass
26	äjrän	ajran	yogurt
27	ʧäʧ	ʧaʧ	Hair/disperse
28	ʧänäʧ	ʧanaʧ	Peel bucket
29	ʧäjnä	ʧajna	chew
30	ʤäʃïn	ʤaʃïn	Hide away
31	ʤärä	ʤara	Wound/worthy to
32	däli	dalï	shoulder
33	ʧäŋgäl	ʧeŋgel	palm
34	ästä	asta/aqïrïn	slow
35	äkä	ake/aɣa	Older brother
36	kältä	kelte	short
37	käm	kem	Less/lack of
38	täjin	dajïn	prepared
39	äjnek	ajnek	Glass/mirror
40	ʧäjnek	ʧajnek	Pot/kettle

Тилдеги бул төл сөздөрдүн кантып тыбыштык өзгөрүү пайда кылганын мүмкүн тилдердин таасирлешүүсүнөн айтууга болот. Тескейтоодо жашаган эл гиографиялык жактан кыргыздардын эң түштүк батыш тарабына жайгашкан болуп салыштырмалуу эрте кездерде Өзбек жана Тажик сыяктуу улуттар менен чектешип жашаган[5]. Мүмкүн ушулардын тил таасири менен төл сөздөрдө да ә тыбышы кошулган болуш керек. Себеби кытай кыргыз тилинин түштүк диалектиндеги ә фонемасын камтыган сөздөрдүн арасында ә фонемасын камтыган киринди сөздөрдүн сааны ә фонемасын бар төл сөздөрдөн көп. Ошого ә тыбышы бар

киринди сөздөрдүн бул диялете көбөйүшү аталган диалектин төл сөздөрүнүн айтылышына таасирин тийгизи тегинде а же е менен айтылуучу сөздөр ə менен айтылып калган деген ойду айткыбыз келет. Бул оюбузду кытай кыргыз тилинин түштүк диалектинде сүйлөөчүр менен кыргызыстанда, өзбекстанда, тажикстанда жана ооганыстанда чектеш жашаган кыргыздардын тилиндеги ə тыбышы менен айтылган сөздөр да далилдеп турат. Жергиликтүү элдин тилдик материялдари толук жыйналбагандыктан ə тыбышынын төркүнү жөнүндө кесип айтууга эртелик кылат деп карайбыз.

Шкытай кыргыз тилинин түштүк диалектинде теги ə фонемасы барбы?

Кытайлык кыргыздардын Түштүк диалектинде ə тыбышынын бар жоктугу боюнча түрдүү көз караштар айтылат. Жок дегендер əни адабий тилдеги а же е нин вариянты деп карашат. Ал эми бул тыбыш бар дегендер болсо ə айрым бир тыбыш, мани айрымаландыруу мүнөздөмөсүнө ээ деп айтышат. Бул маселени тактоодон мурда тыбыш илиминдеги мындай бир нече терминди айкындаштырып алган оң. Биринчи, тыбыш. Тыбыш дегенибиз тилдин сырткы бөлүгү болуп үн чыгаруу органдар чыгарган, белгилүү маниге ээ коомдук үн же дооштор тыбыш деп аталат[7]. Экинчи, фонема. Белгилүү мании айрымалоо мүнөөзүнө ээ эң кичүү тил бөлүкчөсү фоныма деп аталат[8]. Үчүнчү, варянт. Фонеманын окшобогон тил чөйрөсүндө(сөздө)гү чыныгы айтылышы варыянт деп аталат[9]. Варянттын белгилүү тил чөйрөсүндө мании айрымалоо мүнөөздөмөсү болбойт. Төртүнчү, варянт же фонемани белгилөөчү тил чөйрөсүн бекитүү. Варыянт же фонеманы бекитүүдө ошол тилдин же диалектин тил чөйрөсү тандап алынат. Башкача айтканда ошол фонема же варыянттын тил чөйрөсүнө коюп анан байкайбыз. Мисалы, Ангилис тилинде белгилүү бир фонеманын же варыянттын мүнөөздөмөсүн бекитүүдө аны ошол ангилис тилинин тил чөйрөсүнө коюп текшеребиз, аны орус же кытай тилинин тил чөйрөсүнө коюп салыштырууга болбойт. Ошондуктан аркайсы тилдердин өздөрүнүн бир сестимага ээ фонемалары болот. Окшош эле диалектерде фонема же варыянтты бекитүүдө аны ошол диалектин тил чөйрөсүнө коюп текшеребиз. Дагы да түшүнүктүү кылып айтсак мисалы кыргыз тилиндеги бир тыбыштын фонема касийеттне ээ же эместигин ошол кыргыз тилине коюп байкайбыз, аны уйгур же казак тилине коюп байкабайбыз. Окшош жүйө боюнча диалекте да ошол диалектин тил чөйрөсүнө коюп текшеребиз. Бул назарыяга негизделгенде кыргыз тилинин түштүк диалектинде ə фонемасы бар болуп чыгат. Төмөнкү мисалдарга карайлы. Мисалы:

Table 3[3]

No	Phonemes	Southern Dialect of kyrgyz in china
1	ä—e	käl(baldy)—kel(come)
2	ä—e	ijlä(cry)—ijle(make soft)
3	ä—e	täkä(ram)—teke(Wild billy-goat)
4	ä—e	ʤäʃ(age)—ʤeʃ(eat)
5	ä—e	ʤälä(lick)—ʤele(net for animals)
6	ä—a	äjt(tell)—ajt(festival)
7	ä—a	ʤärä(worth)—ʤara(wound)
8	ä—a	ʤän(life)—ʤan(catch fife/mouth off/back)
9	ä—a	tän(body)—tan(go back on one’s word)
10	ä—a	täläp(request)—talap(grab)
11	ä—a	bälä(disaster)—bala(child)
12	ä—e	kär(deaf)—ker(expand)
13	ä—e	ʤäm(assemble)—ʤem(forage)
14	ä—e	är(each)—er(man)
15	ä—e	Täŋ(not to know)—teŋ(equal)
16	ä—e	ʃäk(frost)—ʃek(doubt)
17	ä—e	säp(line)—sep(watering/sprinkle)

Жогорудагы тилдик мисалдар ӊ тыбышнын түштүк диалект тил чөйрөсүнө коюп текшергенибизде фонемалык касийетке ээ экенин байкай алабыз. Мындайча айтканда алар окшош тил чөйрөсүндө мани айрымаландыра алат. Бирок аларды кыргыз тилинин адабий тил чөйрөсүнө койсок мании айрымалоо жөндөмү жок болуп калат. Мунун себеби адабий тилинде тегинде эле бул фонема жок болгондуктан окшош тил чөйрөсүндө текшерилген бул ӊ тыбышы мани айрымаландыра албайт да варыянт катары каралат. Ошого биз кыргыз тилинде ӊ тыбышы бар, кыргыз адабий тилинде ӊ фонемасы жок деп айтсак болот. Мындайча айтканда ӊ тыбышы кыргыз адабий тили үчүн айтканда варянт, ал эми түштүк диалект үчүн айтканда фонема саналат. ӊ тыбшынын колдонулушу түштүк диалектин маңыздуу белгиси катары айтууга болот. Себеби Тескейтоолук эл башка жердеги кыргыздар менен сүйлөшкөндө ушул тыбыштан эле тескей тоолук кыргыздар экени билинип калат. Анткени түштүк диалектте Ӊ менен жасалган сөздөр кыйла эле бар да адабий тилден обочолонуп турат.Мисалы: Мындан башка ӊ тыбышына мисал болуучу сөздөр арбын. Айрыкча тескейтоо тилинде колдонулуучу, бирок адабий тилде жок сөздөрдө ӊ тыбышы көп чалдыгат. Мисали:

Table 4[3]

Southern Dialect	Literary Language	meaning
gäs	düløj	Deaf
gäl	qursaq, tamaq	Meal, food
kättä	zor, ʧoŋ	Big
käpiʧ	kepiʧ	Shoes
käl	toqol, taz	Bald
kämpir	kempir	Old lad
källä	baʃ	Head
kän	ken	Mine

Жадыбалды байкасак жергиликтүү тилге менчиктүү айрым киринди сөздөрдө да ӊ тыбышынын колдонуларын билүү анча кыйын эмес. Бул сөздөрдөгү ӊ тыбышы киринди сөздөрдүн өз калыбын бузбай жергиликтүү тилге сиңгендигинин натынжасы саналат. Мунун бир далылы бул сөздөр кыргыз адабий тилине киргенде а тыбышына же э тыбышына оошуп айтылганда түштүк диалекте киринди сөздүн түпкү турпатын сактаган. Биздин болжошубузча түштүк диалекитин сөздүк коруна кирген киринди сөздөрдүн саанынын көбөйүшү тегинде бар болгон ӊ тыбышы бар сөздөрдүн саанын ансайын көбөйткөн.

е — ä четтен Кирген киринди сөздөрдөгү ӊ тыбышы адабий тилде е тыбышына өзгөрүп айтылса түштүк диалекте өз турпатында ӊ менен айтылып үндөштүктү сактайт. Мисали:

Table 5[3]

Southern Dialect	literary language	meaning
käpiʧ	kepiʧ	Shoes
äskär	asker	Soldier
käm	kem	Lack of
bäräkä	bereke	benevolence
käpä	kepe	Shed
käräwät	kerebet	Bed
kän	ken	Mine

Кыргыз адабий тилинде ӊ фонемаси болбогондуктан четтен кирген ӊ тыбышы бар сөздөр а же е менен адабий тилдин ички нормасына баш ийдирип айтылган. Бирок тескейтоо

диалектинде болсо ал фонема ӊ менен айтылган. Себеби жергиликтүү тилдин системасында тегинде ӊ тыбышы болгондуктан же тилдердин таасирлешүү назарыясына караганда айланадагы өзгө тилдердин таасыры терең, таасыр кылган убакты салыштырмалуу узун болгондуктан болсо керек. ошондуктан тескейтоо диалектинде ӊ тыбышыны камтыган киринди сөздөр көбөйгөн да мындай сөздөр эч өзгөртүүсүз өз турпатында айтып колдонгон. Буга Уйгур жана Казак тилдериндеги жогорудагы окшош сөздөр мисал алынган киринди сөздөрдүн өзгөрүүсүз турпатта колдонулганы далил боло алат.

Адабий тилде жок ӊӊ тыбышы тескейтоо диалектинде айрым киринди сөздөрдө колдонулат. Мисалы:

Table 6[3]

Southern dialect	Literary language	meaning	foreign language
tääsir	taasir	influence	täsīr
bäär	køktøm	spring	bähar
ʃäär	ʃaar	city	ʃähr
ʤään	düjnø	world	ʤähan
tänää	ʤalïɣz	alone	tänha
bääzi	keebir	some	bä‘zī
dääri	darï	medicine	dāru
ʤäämi	ʤalpï	total	ʤäm‘
zäär	zaar,uu	poison	zähr
pääm	baam	intellect	fähm

Жогорудагы жадыбалды байкастап карасак анда четтен кирген киринди сөздөрдөгү үнсүз тыбыш кыргыз тилине киргенде ал тыбыш болбогондуктан созулма үндүү аа же ӊӊ тыбышна өзгөрүлүп айтыларын, ал эми бул сөздөр түштүк диалектинде созулма ӊӊ болуп айтыларын, ошондой эле алынган сөзгө теңдеш сөз болсо анда башка төл адабий сөз менен айтыларын билүүгө болот. Түштүк диалектиндеги ӊӊ тыбышынын пайда болуунун түп себебин тилдердин таасирлешүүсүнөн деп айтууга болот. Так айтканда жергиликтүү тилде чет тил сөздүк курамынын салыштырмалуу бир кыйла көп экендигинен жана айланадагы башка тилдер менен таасирлешүүнүн натынжасында пайда болгонун байкоого болот. Муну анык далылы түштүктөгү төл сөздөрдө мындай созулма ӊӊ тыбышы байкалбайт.

Кыргыз адабий тилинде эмне үчүн ӊ фонемасы болбой калды? Бир тилдин адабий тилин бекитүүдө типиктүү, ошол улуттун тил өзгөчөлүгүн толук туюнта алатурган белгилүү бир жердеги кишилердин тили негиз кылынат. Кудум кытай тилинде Бейжиндиктердин тыбыштык эрекчелиги жана түндүктөгү өкүмөттүк диалекти негиз кылынганыга окшош кезинде кытай кыргыз адабий тилинин нормосун бекиткенде азыркы адабий тилдин сөздүк, тыбыштык, гирмматикалык өзгөчөлүктөрүнө эң жакын бир жердеги кишилердин тили негиз кылынган. Мына ошондон караганда кезинде кыргыз адабий тилинин нормосун бекиткенде түштүк диалекти негиз кылынбаган. Аныгыраак айтканда түштүк диалектинин тыбыштык эрекчелиги негиз кылынбаган. Ошондуктан түштүк диалектиндеги Ӊ фонемаси адабий тилге кирбей калган. Бирок кыргыз тилинин түштүк диалектинен башка жерлердеги ооз эки тилде айрым абалдарда Ӊтыбышы колдонула турган абалдар бар. Мисали: Ӊӊ?Эмне дедиӊ? Ӊӊ, түшүндүм. Ӊӊ, ошондой беле? Ӊӊ, келдиӊби? Ӊӊ, барба десем унабайсыӊ, ушундай болосуӊ! бул мисалдарди жандуу тилде байкап көрсөк болот. Мындан башка жана ангилис же орус тилинен кирген киринди сөздөрдө да ӊ тыбышы байкалат муну да байкап көрсөк болот. Бул жерде тыбыш менен фонеманын айрымасын карап анан байкоо жүргүзөлү да ойлонуп талкуу жүргүзөлү.

Тил бул коомдук кубулуш. Анын жакшы жаман деген айтымы болбойт. Аны дурус түшүнүп илимий баяндаганыбызда гана болбогур талаш-тартыштардан оолак боло алабыз.

Колдонулган адабияттар:
1.胡毅, 我国柯尔克孜语南部方言及其特点. 民族语文, 1999. **04**: p. 7.
2.玛克来克·玉买尔拜, 试论新疆柯尔克孜语方言. 语言与翻译, 1986. **02**: p. 5.
3.Сейпидин Ысак уулунун Кытай түштүк кыргыздарынын эл арасынан жыйнаган тил материялдарынан иреттп алынды.
4.Мукамбаев, Ж., Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. 2009, Фрунзе: Илим басмасы.
5.Ш. Жапаров, Т.С., Кыргыз тилинин текстологиялык сөздүгү. Second ed. 2013, Бишкек: Э.А Атындагы кыргыз мамлекеттик университети басмасы.
6.Б.М.Юнусалиев, заметки о выпадении некоторых согласных в основах тюркских языков. Vol. 4. 1966, Baku(Azerbaijan).
7.https://hanyu.baidu.com/zici/s?wd=%E8%AF%AD%E9%9F%B3&query=%E8%AF%AD%E9%9F%B3&srcid=28232&from=kg0
8.https://hanyu.baidu.com/s?wd=%E9%9F%B3%E4%BD%8D&from=zici
9.https://hanyu.baidu.com/s?wd=%E9%9F%B3%E4%BD%8D%E5%8F%98%E4%BD%93&from=zici

Рецензент: д.филол.н., профессор Лайлиева И.Ж.

УДК 415.61 (575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2021-2-79-82

Стамалиева Э.Ж.
И.Арабаев атындагы КМУнун котормо таануу кафедрасынын ага окутуучусу
Стамалиева Э.Ж.
Старший преподаватель кафедры переводоведения КГУ им. И.Арабаева
Stamalieva E.J.
Senior Lecturer, Department of Translation Studies, KSU named after I. Arabaeva

ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕРДИ КОТОРУУНУН АЙРЫМ ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ
НЕКОТОРЫЕ ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ПРОБЛЕМЫ ПЕРЕВОДА ФРАЗЕОЛОГИЗМОВ
SOME THEORETICAL PROBLEMS OF TRANSLATION OF PHRASEOLOGICAL UNITS

Аннотация: Бул макалада фразеологизмдердин бөтөнчөлүктөрү көрсөтүлдү. В.В.Виноградов сунуштаган фразеологизмдердин үч тиби берилди. Алар: фразеологиялык ширешме, фразеологиялык биримдик, фразеологиялык айкалыш; Ч.Айтматовдун “Ак-Кеме” жана “Биринчи мугалим” чыгармаларынан алынган кээ бир фразеологиялык бирдиктердин англис жана орус тилдерине которууда колдонулган ыкмалар каралды. Жыйынтыгында, каралган мисалдардын ичинен фразеологизмдерди которууда фразеологиялык аналог жана сыпаттоо ыкмалары колдонулганын көрө алдык.

Аннотация: В этой статье были указаны особые черты фраеологизмов. Были даны следующие 3 типа фразеологичеких единиц предложенным В.В. Винаградовым: фразеологическое сращение, фразеологическое единства, фразеологическое сочетания; Было рассмотрено способы перевода фразеологических единиц с кыргызского языка на английский и русский языки, взятые из произведения “Ак – Кеме” написанным Ч.Айтматовым. Из рассмотренных фразеологизмов, большое количество фразеологизмов было переведено использованием фразеологического аналога и описательного перевода.

Annotation: The definition of the term ‘Phraseological unit’ and its peculiarities were given in the article. The following three types of phraseological units, suggested by Vinogradov V.V. were given: phraseological union, phraseological unity, phraseological combination; The ways of translation of some phraseological units from Kyrgyz into English and Russian Languages were